Суу жетпеген согончокторго азап болот, дааратты жеткиликтүү алгыла!" - деди

Абдуллах ибн Амр (Аллах алардан ыраазы болсун) айтат: Аллахтын элчиси (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) менен бирге Меккеден Мединага келе жатканбыз. Сууга жеткенибизде адамдар асыр намазына шашылып даарат ала башташты. Биз алардын жанына келип, кээ бирлери согончогуна суу жеткирбей кургак калып даарат алып жатканын көрдүк. Ошондо пайгамбарыбыз (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун): "Суу жетпеген согончокторго азап болот, дааратты жеткиликтүү алгыла!" - деди.

[Сахих (ишенимдүү)] [Муттафакун алайхи (хадистин ишенимдүүлүгүнө бир ооздон макулдашылган)]

Пайгамбарыбыз (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) сахабалары менен Меккеден Мадинага келе жаткан. Жолдо сууга туш келип, асыр намазын өз убагында окуу үчүн шашылып даарат ала башташат. Сахабалардын кээ бири шашылып даарат алгандыктан, согончокторуна суу жеткирбей, караган адамга кургак калып жатканы көрүнөт. Ошондо пайгамбарыбыз (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) даарат алганда кемчиликтүү алып, согончокторуна суу жеткирбей кургак калтырган адамдарга тозокто азап болорун айтып, аларды дааратты жакшы, толук алууга буйруйт.

https://sunnah.global/hadeeth/ky/show/66392

النجاة الخيرية
ALNAJAT CHARITY
لجنة الدعوة الإلكترونية
EDC E-Da'wah Committee